**БУРГОЕВА А.Н., САТАРБАЕВ А.М.**
Ош МЮИ

# КЫЛМЫШКА ЮРИДИКАЛЫК КВАЛИФИКАЦИЯ БЕРҮҮДӨ, КЫЛМЫШ КУРАМЫНЫН ОБЪЕКТИВДҮҮ ЖАГЫНЫН ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ.

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза укугунда кылмыштын обективдүү жагына төмөнкүдөй аныктама берилген.

Кылмыштын обективдүү жагы – бул коомго коркунучтуу кол салуунун тышкы көрүнүшүн чагылдырып турган кылмыш курамынын бир элементи. [1]

Коомдо ар кандай жана ар түрдүү кылмыштар кездешет. Мына ошол коомдогу орун алган кылмыштардын объективдүү жагына терең көңүл буруп, мыйзамдын талаптарын бузбастан, ар тараптуу жана туура иликтөө жүргүзүүбүз абзел. Анткени кылмыштын обективдүү жагын толук, так изилдесек кылмыштын бети ачылышына жана кылмышты туура юридикалык квалификациялоого өз жардамын берет. Эгерде окуя болгон жерде калган кылмыштын калдыктарын, кылмыштын белгилерин, жалпы эле кылмышка тиешеси бар предметтерди өз убагында, токтоосуз, мыйзамдуу изилдөө жүргүзүлсө, анда ошол кылмыштын субъектисин, субъективдүү жагын ачууга түздөн-түз жардам берет. Анткени, кылмыш окуясы болгон жердин абалы, башкача айтканда кылмыштын тышкы көрүнүшү – кылмышты ким жасагандыгын жана кандай максатта, ниетте жана кылмыштын болушуна эмне түрткү болгондугун айгинелеп турат. Ошондуктан, кылмыш курамынын башка элементтерин табууда, кылмыштын объективдүү жагынын орду чоң жана кылмыштын жүйөлүү себебин ачууда өзүнүн орду бар.

Коомдо кандай гана кылмыштар болбойт, ошол кылмыштар бири-бирине жөнөкөй көз менен караганда окшош болгону менен, кылмыш-жаза кодексинин ар түрдүү беренелерине дал келип кылмыштын маани мазмунун аныктайт. Себеби, кылмыштар окшош көрүнгөнү менен алар юридикалык маанисине жараша айырмачылыктары болот. Бул өзгөчөлүктөрдү билүү үчүн да объективдүү жактын белгилеринин (милдеттүү жана факультативдүү) түшүнүгүн жана алардын маанисин толук билүүбүз зарыл. Мисалы, менчикке каршы кылмыштар – уурулук, тоноо жана каракчылыкты бири-биринен айырмалап көрөлү. Бул үч кылмыштардын объекттери бирдей, башкача айтканда башка адамдын менчик укугу болгону менен алар бири-биринен объективдүү жагы боюнча айырмаланып турушат.

Уурулук менен тоноо кылмыштарын айырмалоо үчүн биз объективдүү жактын факультативдүү белгиси болгон – кылмышты жасоо ыкмасына жана кылмыштуу натыйжага көңүл бурушубуз керек. Тоноо кылмышында кылмышты жасоо ыкмасы – мүлктү ачык түрдө алуу болсо, ал эми уурулук кылмышында болсо, кылмыштын ыкмасы болуп – жашыруун мүлктү алып коюу эсептелет. Ал эми бул эки кылмыштын келип чыккан натыйжасы боюнча айырмачылыкты алып карай турган болсок – уурулукта мүлктүк зыян гана келиши мүмкүн, ал эми тоноодо мүлктүк зыян жана кээде ден-соолукка жеңил залал да келтирилген жагдайлар кездешет. Эгерде тоноо кылмышында ден-соолукка жеңил залал келсе, анда кылмышты квалификациялоодо Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза Кодексинин 112 –беренеси кошулбайт, анткени, тоноо кылмышынын диспозициясында бул боюнча айтылып кетилген.

Ал эми уурулук, тоноо кылмыштарынын каракчылык кылмышынан айырмачылыгы болсо, каракчылык кылмышында кылмыштуу натыйжа болуп – мүлктүк зыян жана ден-соолукка жеңил же анча оор эмес залал эсептелет. Демек, бул мезгилде да биз каракчылык кылмышын квалификациялоодо Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза Кодексинин 112-беренеси менен 105-беренеси кошулуп квалификацияланбайт.

---

[1] Курманов К.Ш. Кыргыз Республикасынын жазык укугу. – Б.: - 2005.

Себеби, каракчылык кылмышынын кылмыштуу натыйжасы ден-соолукка оор залалдан башка залалдарды өз ичине камтыйт.

Булардан башка дагы бир негизги айырмачылыгы болуп уурулук жана тоноо кылмышы – материалдык курамдагы кылмыштар болуп эсептелет, ал эми каракчылык – формалдык курамдагы кылмыш болуп эсептелет. Себеби, каракчылыкка кол салгандан баштап каракчылык кылмышы бүттү деп эсептелет. Кылмыштуу натыйжанын, себептик байланыштын чыгышы милдеттүү ченем эмес. Ал эми уурулук менен тоноо кылмыштарында качан гана мүлктүк зыян келгенден баштап кылмыш аякталды деп эсептелет. Бул кылмыштарда коомго коркунучтуу аракет менен коомго коркунучтуу натыйжанын ортосундагы себептик байланыш милдеттүү түрдө аныкталышы керек. Мындай кылмыштарда себептик байланыштын жоктугу кылмыш-жаза жоопкерчилигин да жокко чыгарат.[2]

Бул жогорудагы үч кылмышка тергөө учурунда (сот ишмердигине чейин) жана сот ишмердигинде жакшы маани берип изилденбесе, анда кылмыш кылган жактар өздөрү кылган кылмышына жараша мыйзамдуу жаза албай калышы жана коомдогу кадимки көрүнүшкө айланып калуусу мүмкүн. Анткени дегенде уурулукка караганда тоноо кылмышына берилген жаза бир аз болсо да оор, ал эми уурулук, тоноо кылмыштарына караганда, каракчылык кылмышына бериле турган жаза да бир кыйла оор. Мына ошондуктан уурулукка караганда тоноо кылмышы, ага караганда каракчылык кылмышы коомго коркунучтуу экендигин жазык мыйзамы аныктайт. Башкача айтканда кылмышка юридикалдык квалификация берүү, ыйгарым укуктуу оргaндын кызматчыларынын жоопкерчиликтүүлүгүн талап кылат.

Кылмыш-жаза мыйзамында жогорудагы кылмыштардан башка да көптөгөн кылмыштардын курамы бири-бирине өтө окшош келишет. Ушундай көрүнүштөрдө жазык мыйзамынын ченемдерин терең түшүнүүгө жана орун алган коомго коркунучтуу жосунду өтө кылдат текшерүүнү талап кылат. Андыктан орун алган коомго коркунучтуу жосунду кылмыш-жаза мыйзамындагы беренелерине ылайык жоопко тартуу мыйзамдын талабы.

Мындан тышкары Кылмыш - Жаза Кодексинин өмүргө жана ден-соолукка каршы кылмыштар баптарындагы беренелерде, адамдын жасаган кылмышынын, коомдук коркунучтуу аракетине, келип чыккан натыйжага жана аракет менен натыйжанын ортосундагы себептик байланыштын бар же жок экендигин өтө кылдаттык менен көңүл буруу зарыл.

Кылмыш курамынын ар бир түрүндө объективдүү жактын белгилеринин белгилөө өзгөчөлүктөрү бар. Материалдык кылмыш курамдагы кылмыштардын объективдүү жагынын белгилеринин жана формалдык кылмыш курамындагы кылмыштардын объективдүү жагынын белгилеринин өзгөчөлүктөрү көрсөтүлүп ага анализ берилди.

Ал эми кесилген (усеченный) кылмыш курамына кирген кылмыштарда кылмышты жасоого аракет да (аракетсиздик), кылмыштуу натыйжа да, себептик байланыш да келип чыгышы милдеттүү эмес. Мындай кылмыштарда кылмышка даярдануу учуру гана жүрөт. Эгерде мындай кылмыштарды даярдануу кезинде бети ачылып кала турган болсо, анда кылмыш аякталды деп эсептелет. Анткени, өтө чоң кылмыштуу натыйжанын келип чыгышын алдын алуу үчүн мыйзамда ушундайча белгиленген. Мындай кылмыштарга төмөнкү кылмыш кирет: Кыргыз Республикасынын Кылмыш-Жаза Кодексинин 229 беренесинин 1-бөлүмү «мыйзамсыз түрдө куралдуу кошундарды уюштуруу».

Адамдын аракети ар дайым эле кылмыштуу боло бербейт. Качан гана мыйзам тарабынан корголгон объектилерге кылмыштуу кол салган коомго коркунучтуу аракеттер жана укукка жат аракеттер – кылмыштуу аракет деп эсептелет. Мына ошондуктан, менин пикиримде, кылмыштуу аракет бул - адамдын өз эрки жана аң-сезими менен жасалган жүрүм-турум жагдайы болуп эсептелет. Демек адамдын өзү тарабынан аңдап билинбеген же анын эрки менен жасалбаган жүрүм-турум кылмыш болуп эсептелбейт. Жазык

[2] Тюлегенов Т.А. Уголовное право Кыргызской Республики. Общая часть. – Б.:- 2007.

мыйзамында акыл-эси соо эмес адамдын аракетин же аракетсиздигин аң-сезимсиз абалда туруп жасаган жосунун кылмыш катары тааныбайт, демек, ага жаза да каралган эмес. Аларга медициналык мажбурлоо (дарылануу) чараларын колдонот.

Кылмыш адамдын өз эрки менен жасалбаса, башка бир адамдын алдоосунун, коркутуусунун, мажбурлоосунун негизинде кылмышка барса, анда кылмыш-жаза жоопкерчилик келип чыгат. Бирок сот тарабына жеңилдетилген жагдай катары табылат. Кылмышты изилдеп жатканда ушул жогорудагы көрүнүштөргө да көңүл буруулусу зарыл. [3]

Мисалы – күнөөкөр акыл-эси соо, айдоочулук укугу бар адамды токтоткучу (тормоз) иштебеген өзүнүн автоунаасына отургузуп, автоунаа оң абалда деп алдап, андан жолдун боюнда, алардан 20 м. ары турган адамды тамашалап коркутушун суранат. Натыйжада автоунаа токтобостон, жолдо турган адамды уруп кетет да, ал окуя болгон жерде каза болот. Бул учурда жоопкерчилик кандай жол менен аныкталат? Кылмышты уюштурган адам атайылап кара ниеттик менен киши өлтүргөндүгү үчүн, автоунааны айдаган адам болсо байкабастыктан өлүмгө дуушар кылгандыгы үчүн жоопкерчиликке тартылат. Себеби ал автоуна чындап эле техникалык тараптан оң абалда беле же жокпу – жагдайды текшерүүгө милдеттүү жана мүмкүнчүлүгү болгон деп эсептелет.

Шериктештиктин түрлөрүндө да кылмыштын объективдүү жагын аябай жакшы изилдеш керек. Мисалы, жөнөкөй шериктештикте ар бир кылмышка катышкан жактын аракеттери бөлүнбөйт, баардыгы бирдей аракетти жасайт. Ошондуктан жөнөкөй шериктештикте ар бир кылмышка катышкан жактын объективдүү жагы бирдей болот, мындай мезгилде ар бир шериктердин сот тарабынан берилген жаза өлчөмү да бирдей болот.

Ал эми татаал шериктештикте болсо, ар бир кылмышка катышкан жактардын өздөрүнө берилген аракеттери бар. Алар ошол ар бири өздөрү кылган аракеттерине жараша жазага тартылышат. Татаал шериктештикте ар бир кылмышка катышкан жактын кылган аракети башка болот.

Жасалган кылмыш ишине тескерисинче үстүртөн талдоо жүргүзүп жана кээ бир жагдайларды так, туура эмес белгилеп көрсөтүү, Кылмыш-Жаза Кодексинин Өзгөчө бөлүгүнүн ченемдерин бузуу менен кылмыш ишин туура эмес юридикалык квалификациялоого алып келет. Кылмыш ишине туура эмес баалоо берилсе, анда адилетсиз жаза да берилет. Ошол эле мезгилде башка терс кесепеттерге да дуушар кылат. Кылмышты туура эмес юридикалык квалификациялоо кылмыш менен каршы күрөшүү чараларын иштеп чыгууга жана жүзөөгө ашырууга өзүнүн терс таасирин тийгизет. Бул көйгөйдү, маселени чечүү үчүн кылмыштын объективдүү жагына терең көңүл буруу, кылмыш-жаза мыйзамдарынын ченемдерин маанисин терең түшүнүү жана тергөө, теориялык жактан изилдөө менен кылмыштын жүйөлүү маанисине өтө кылдаттык мамиле жасоо гана ар кандай адилетсиз юридикалык квалификациядан жана мыйзамсыз соттук өкүмдөрдөн, кылмыш жасаган инсанды сактоого болот.

---

[3]Жолдошев Т.Т., Арстанбеков М.С., Эргешов А. Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза укугу. Жалпы бөлүк.– Ош.:- 2002.